Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2012-жылдын 25-октябрындагы
№ 745 токтому менен
бекитилген

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү ЭРЕЖЕСИ

(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 338, 2019-жылдын 24-июнундагы № 310, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

1. Жалпы жоболор

1. Пенсиянын топтоо бөлүгү жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө пенсиялык топтоолору бар адамдарга чектелет жана төлөнүп берилет, анын ичинде:

1) "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия алуучу жана жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору бар пенсионерлерге;

2) пенсияга чыгууга укуктуу жана камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору бар, "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия чектөөгө кайрылган адамдарга;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого көчүп кеткен жана көчүп жатышкан, жана жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө пенсиялык топтоолору бар Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга;

4) каза болгон, жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө пенсиялык топтоолору бар камсыздандырылган адамдын мураскорлоруна;

5) "Аскер кызматчыларын пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсияга чыккан, жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө пенсиялык топтоолору бар пенсионерлерге;

6) ипотекалык кредит алып жаткан адамдарга бир жолу, өздүк камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган беш жүз эсептик көрсөткүчтөн кем эмес суммада пенсиялык топтоолору болсо, менчик турак жайы жок болгон шартта;

7) ушул Эреженин 4-тиркемесинде аталган Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулардын тизмегине (мындан ары - Оорулардын тизмеги) ылайык оор оорулары бар адамдарга бир жолу, өздүк камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору болсо.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

2. Пенсиялык иштөө каражаттарынын эсебинен берилчү төлөмдөрдүн түрлөрү

2. Камсыздандырылган адамдын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарынын эсебинен төлөмдөрдүн төмөнкүдөй түрлөрү жүзөгө ашырылат:

- пенсиялык топтоо каражаттарынан бир жолку төлөмдөрү (пенсиянын топтоо бөлүгү) (мындан ары - бир жолку төлөм);

- мөөнөттүү (белгилүү бир мезгилдин ичинде) пенсиялык төлөмдөр;

3. Бир жолку төлөмдөр камсыздандырылган адамдардын төмөнкү категорияларына берилет:

- майыптыгы кайра күбөлөндүрүү мөөнөтүн көрсөтпөстөн (мөөнөтсүз) белгиленген I жана II топтогу майыптыгы боюнча пенсия алган, ошондой эле пенсиянын ушундай түрүнө укугу бар жана "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия чектөө үчүн кайрылган адамдарга;

- пенсияга чыгууга укуктуу жана "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия чектөө үчүн кайрылган адамдарга, пенсиялык топтоолорунун суммасы пенсия чектөө үчүн кайрылган учурда пенсиянын өткөн жылы пенсионердин иш жүзүндө түзүлгөн жашоо минимумунун 30 эселенген көлөмүнө барабар суммадан ашпаса;

- Кыргыз Республикасынын жарандарына, Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого кеткен жана кетип жатышкан, кетип жатканын же көчүү ниетин тастыктаган документтерди тапшырган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга;

- каза болгон камсыздандырылган адамдын мураскорлоруна;

- 2012-жылдын 1-январынан тартып пенсиянын топтоо бөлүгүн түзүүдөн чыгарылган адамдарга: 1964-жылдын 1-январынан мурда төрөлгөн эркектерге, 1969-жылдын 1-январынан мурда төрөлгөн аялдарга. Бул категориядагы алуучуларга пенсиялык топтоо каражаттарын бир жолку төлөө үчүн топтоо суммалары боюнча чектөөлөр коюлбайт;

- ипотекалык кредит алып жаткан адамдарга, пенсиялык топтоолорунун суммасы кайрылган учурда беш жүз эсептик көрсөткүчтөн кем эмес болсо;

- ушул Эреженин 4-тиркемесинде аталган Оорулардын тизмегине ылайык оор оорулары бар адамдарга, өздүк камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору болсо.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июнундагы № 310, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

4. Бир жолку төлөмдүн өлчөмү төмөнкү формула боюнча аныкталат:

БТ = Т + НК,

мында:

БТ - бир жолку төлөмдүн өлчөмү;

Т - бир жолку пенсиялык төлөм чектелген күнгө карата камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган МПТФ төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы;

К - инвестициялоодон алынган кирешенин суммасы.

Ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоо үчүн бир жолку төлөмдүн өлчөмү арыз ээси тарабынан аныкталат, бирок беш жүз эсептик көрсөткүчтөн кем эмес жана өздүк камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоо каражаттарынын (пенсиянын топтоо бөлүгүнүн) суммасынан ашпаган өлчөмдө.

Эсеп мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында жекече эсепке алуу системасында камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүнүн маалыматтары боюнча жүргүзүлөт.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

5. Мөөнөттүү пенсиялык төлөм "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсияга чыгууга укуктуу жана пенсия чектөө үчүн кайрылган, пенсиялык топтоолорду төлөө же пенсия чектөө үчүн кайрылган учурда пенсиялык топтоолорунун суммасы пенсионердин өткөн жылы иш жүзүндө түзүлгөн жашоо минимумунун 30 эселенген көлөмүнө барабар суммадан ашкан, ушул Эреженин 3-пунктунун алтынчы абзацында көрсөтүлгөндөн башка адамдарга берилет.

Мөөнөттүү пенсиялык төлөм ай сайын берилет. Мөөнөттүү пенсиялык төлөм мезгили алуучу тарабынан тандалат, бирок 3 жылдан аз болбошу керек.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомунун редакциясына ылайык)

Көңүл буруңуздар! КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомуна ылайык 5-пунктунун 2-абзацы 2020-жылдын 1-январына чейин колдонулат.

6. Мөөнөттүү пенсиялык төлөмдүн өлчөмү төмөнкүдөй формула боюнча аныкталат:

МПТ = (ПТ * К) / 12,

мында

МПТ - бир айлык мөөнөттүү пенсиялык төлөмдүн өлчөмү;

ПТ - мөөнөттүү пенсиялык төлөм дайындала турган күнгө карата камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоо каражатынын суммасы;

К - курагы боюнча пенсияга чыгуу жашына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин акыркы беш жылдын ичинде эркектердин жана аялдардын өмүрүнүн орточо узактыгы жөнүндө анык демографиялык маалыматтары боюнча жыл сайын белгиленүүчү актуардык коэффициент;

"К" актуардык коэффициенти жыл сайын эсептелет. Ал Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоочу кеңешинде каралат жана бекитилет.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомунун редакциясына ылайык)

Көңүл буруңуздар! КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомунун 4-пунктуна. ылайык ушул эреженин 6-пункту 2020-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.

6-1. Бир жолку жана мөөнөттүү төлөмдөр пенсияга укугу бар жана пенсия чектөө үчүн кайрылган, пенсиясынын камсыздандыруу бөлүгү пенсионердин өткөн жылы иш жүзүндө түзүлгөн үч жашоо минимумунун көлөмүнөн ашкан адамдарга төлөнөт. Бир жолку жана мөөнөттүү төлөмдөрдүн өлчөмү ушул Эреженин 4 жана 6-пункттарына ылайык кайрылган адамдын тандоосу боюнча аныкталат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

Көңүл буруңуздар! КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомунун 4-пунктуна. ылайык ушул эреженин 6-1-пункту 2020-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирет.

7. Пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоодон алынган инвестициялык киреше пенсиянын топтоо бөлүгүн алуучуларга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте төлөнүүгө тийиш. Инвестициялык кирешенин өлчөмү камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебиндеги пенсиянын топтомо бөлүгүндө чагылдырылат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июндагы № 310 токтомунун редакциясына ылайык)

3. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө үчүн камсыздандырылган адамдардын кайрылуу тартиби

8. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө үчүн камсыздандырылган адамдардын кайрылуусу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органына белгиленген форма боюнча (ушул Эреженин 1-тиркемеси/1-1-тиркемеси) арыз берүү аркылуу ишке ашырылат. Арызга алуучулардын тийиштүү категориялары үчүн ушул Эреженин талаптарына ылайык зарыл болгон документтер тиркелиши керек.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына)

9. Арыз жана пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө үчүн зарыл болгон документтердин топтому алуучунун жашаган жери боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органына өз колу менен тапшырылат же почта аркылуу жиберилет.

Почта аркылуу документтердин түп нускасы жиберилбейт жана алуучунун ким экендиги, ошондой эле документтердин көчүрмөлөрүнүн тууралыгын күбөлөндүрүү жана пенсиялык топтоо каражаттарынын төлөнүшү жөнүндө арызга алуучунун колунун аныктыгын текшерүү төмөнкүлөр тарабынан жүргүзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык нотариус же башка адам тарабынан;

- эгерде камсыздандырылган адам Кыргыз Республикасынын чегинен сыртта болсо Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн кызмат адамдары тарабынан.

Аталган арызды жана документтерди почта боюнча жиберүү жөнөтүлгөндүгүн жана датасын тастыктоого боло турган ыкма менен ишке ашырылышы керек. Бул документтер жөнөтүүчүнүн эсебинен жиберилет.

4. Ушул Эреженин 1-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн камсыздандырылган адамдардын пенсиясынын топтоо бөлүгүн алуу үчүн кайрылуу тартиби

10. Ушул Эреженин 1-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн алуучулардын катарына кирген адамдар Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органына төмөнкүлөрдү бериши керек:

- ушул Эреженин 1-тиркемесине/1-1-тиркемесине ылайык белгиленген форма боюнча пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүү жөнүндө арыз (мындан ары - арыз);

- алуучунун ким экенин тастыктаган документтин көчүрмөсү жана салыштыруу үчүн документтин түп нускасы;

- фамилиясы, аты, атасынын аты жана туулган датасы жөнүндө маалыматтарды камтыган арыз ээсинин эмгек китепчесинин биринчи барагынын жана 2010-жылдын 1-январынан баштап Кыргыз Республикасынын аймагында иштегендиги жөнүндө маалыматтарды камтыган эмгек китепчесинин баракчарынын көчүрмөсү. Эмгек китепчеси жок болсо же анда 2010-жылдын 1-январынан берки мезгил үчүн жазуулар жок болсо - МПТФ камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөнү жөнүндө камсыздандыруу полиси же 2010-жылдын 1-январынан берки мезгил үчүн эмгек келишимдеринин копиялары.

Пенсиянын топтоо бөлүгүн алууга кайрылуу үчүн ким экенин тастыктаган документтер төмөнкүлөр:

- Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн - паспорт (ID-карт);

- расмий түрдө качкын статусуна ээ жарандар үчүн - качкындын күбөлүгү;

- Кыргыз Республикасынын аймагында такай жашаган чет өлкөлүк жарандар үчүн - Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген жашап туруу укугу.

16 жашка толо элек адамдардын курагын, ким экенин жана жарандыгын тастыктаган документ болуп туулгандыгы жөнүндө күбөлүк эсептелет.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

5. Ушул Эреженин 1-пунктунун 2 жана 5-пунктчасында көрсөтүлгөн камсыздандырылган адамдардын пенсиясынын топтоо бөлүгүн алуу үчүн кайрылуу тартиби

11. Пенсияга чыгууга укуктуу жана "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык аны чектөө үчүн кайрылган адамдарга пенсиялык топтоо каражаттарынын эсебинен пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөп берүү "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Эрежеге ылайык пенсиянын базалык жана камсыздандыруу бөлүктөрүн чектөө менен бир мезгилде жүргүзүлөт.

Ушул Эреженин 1-тиркемесине/1-1-тиркемесине ылайык пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүү жөнүндө белгиленген формадагы арыз Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы № 10 токтому менен бекитилген Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүү үчүн зарыл болгон документтердин тизмесине ылайык пенсия дайындоо үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси менен кошо берилет.

"Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсияга чыккан пенсионерлер өздүк камсыздандыруу эсебинде эсепке алынган пенсиялык топтоолору бар болсо жана жалпы белгиленген пенсиялык куракка жеткенде Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жашаган жердеги региондук органына Пенсиянын топтоо бөлүгүн төлөп берүү жөнүндө белгиленген формадагы арызды (ушул Эреженин 1-тиркемеси/1-1-тиркемеси) беришет. Арызга төмөнкүдөй документтерди түп нускалары же белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн копиялары тиркелет, алар:

- арыз ээсинин ким экенин билдирүүчү документ;

- иш стажысын ырастаган документ;

- "Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия чектелгендик фактысын ырастоочу маалымкат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

6. Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого кеткен учурда пенсиялык топтоо каражаттарын алуу үчүн кайрылуу тартиби

12. Пенсиялык топтоо каражаттарын алуу үчүн алуучунун кайрылуусу Кыргыз Республикасынын аймагында мурунку катталган жери боюнча Соцфонддун региондук органына пенсиялык топтоо каражаттарын төлөп берүү жөнүндө белгиленген формадагы (арыз ушул Эреженин 1-тиркемеси) берүүсү аркылуу ишке ашырылат.

13. Арызга төмөнкү документтердин түп нускалары же белгиленген формада күбөлөндүрүлгөн копиялары тиркелет:

1) арыз ээсинин ким экенин тастыктаган документ;

2) Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка туруктуу жашоого кетүү барагы;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого чыгарылганы жөнүндө даректик маалымкат;

4) фамилиясы, аты, атасынын аты жана туулган датасы жөнүндө маалыматтарды камтыган арыз ээсинин эмгек китепчесинин биринчи барагынын жана 2010-жылдын 1-январынан баштап Кыргыз Республикасынын аймагында иштегени жөнүндө маалыматтарды камтыган эмгек китепчесинин барактарынын көчүрмөсү. Эмгек китепчеси жок болсо же анда 2010-жылдын 1-январынан берки мезгил үчүн жазуулар жок болсо - МПТФ камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөнү жөнүндө камсыздандыруу полиси же 2010-жылдын 1-январынан берки мезгил үчүн эмгек келишимдеринин копиялары.

Пенсиялык топтоо каражаттарын алуу үчүн кайрылганда жарандын ким экенин тастыктаган документ болуп паспорт (ID-карт) эсептелет. 16 жашка толо элек адамдардын курагын, ким экенин жана жарандыгын тастыктаган документ болуп туулгандыгы жөнүндө күбөлүк эсептелет.

7. Каза болгон камсыздандырылган адамдын пенсиялык топтоо каражаттарын алуу (алуудан баш тартуу) үчүн кайрылуу тартиби

14. Пенсиялык топтоолорунан каражаттарды алуу (алуудан баш тартуу) үчүн каза болгон камсыздандырылган адамдын мураскорлору (керээзи боюнча да, мыйзам боюнча да) каза болгон камсыздандырылган адамдын жашаган жериндеги Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органына белгиленген форма боюнча (ушул Эреженин 1-тиркемеси) кайрылат.

15. Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

- мураскордун ким экенин тастыктаган документ (түп нускасы жана көчүрмөсү);

- мураска укугу жөнүндө күбөлүк (түп нускасы жана копиясы) же мураска калган мүлктү бөлүү жөнүндө нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн макулдашуу (түп нускасы жана копиясы);

- пенсиялык топтоо каражаттарын алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна белгиленген формада кайрылуу укугу менен мураскордун өкүлүнө нотариуста күбөлөндүрүп берилген ишеним кат, ошондой эле өкүлдүн ким экенин тастыктаган документтин түп нускасы жана копиясы;

- камсыздандырылган адамдын - мурас калтыруучунун каза болгондугу жөнүндө күбөлүк (түп нускасы жана копиясы);

- Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын алуу үчүн кайрылганда жарандын ким экенин тастыктачу документ;

- паспорт (ID-карт);

- расмий түрдө качкын статусуна ээ жарандар үчүн - качкындын күбөлүгү;

16 жашка толо элек адамдардын курагын, ким экенин жана жарандыгын тастыктаган документ болуп туулгандыгы жөнүндө күбөлүк эсептелет.

7-1. Ушул Эреженин 1-пунктунун 6-пунктчасында аталган камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) алуу үчүн кайрылуу тартиби

(Глава КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

15-1. Ипотекалык кредит алып жаткан адамдар жашаган жери же турган жери боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органына төмөнкүлөрдү бериши керек:

- ушул Эреженин 1-тиркемесине ылайык белгиленген формада ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоо үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) бир жолку төлөп берүү жөнүндө арыз;

- алуучунун ким экендигин ырастаган документтин көчүрмөсү жана салыштыруу үчүн документтин түп нускасы.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

7-2. Ушул Эреженин 1-пунктунун 7-пунктчасында аталган пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) алуу үчүн кайрылуу тартиби

(Глава КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

15-2. Камсыздандырылган адамдар (ишеним берилген адамдар) пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) алуу үчүн камсыздандырылган адамдын жашаган жери же турган жери боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органына ушул Эреженин 1-тиркемесине ылайык белгиленген формада арыз менен кайрыла алышат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

15-3. Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

- алуучунун ким экендигин ырастаган документтин көчүрмөсү жана салыштыруу үчүн түп нускасы;

- арыз башка адам тарабынан берилсе, пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна кайрылуу укугу менен өкүлүнө нотариус тарабынан ырасталган ишеним кат, ошондой эле өкүлдүн ким экендигин ырастаган документтин көчүрмөсү жана салыштыруу үчүн түп нускасы;

- Оорулардын тизмегине ылайык оорунун атын көрсөтүп, машинкада жазма текст менен толтурулган, саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органына караштуу саламаттык сактоо уюмунун мөөрү жана жетекчисинин колу менен күбөлөндүрүлгөн, ушул Эреженин 5-тиркемесине ылайык форма боюнча пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулары бар экендигин ырастаган маалым кат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

8. Арыздарды кароонун, пенсиялык топтоолорду (пенсиянын топтоо бөлүгүн) эсептөөнүн жана төлөп берүүнүн тартиби

16. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө үчүн кайрылуу күнү деп Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органы тарабынан бардык зарыл документтери менен арыз кабыл алынган күн, ал эми арызды бардык документтерди тиркеп почта менен жибергенде - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун аймактык органы почта бөлүмүнүн тийиштүү эсепке алуучу формаларында белгиленген арызды жана катты алган дата эсептелет.

17. Ушул Эреженин 1-пунктунун 1, 3, 4, 5, 7-пунктчаларында көрсөтүлгөн алуучулар үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө жөнүндө арыз тиркелген документтери менен кошо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан арыз кабыл алынган күндөн тартып же жетишпеген документтерди тапшырган күндөн тартып 15 календардык күндүн ичинде каралат.

Пенсияга чыгууга укуктуу жана "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык анын чектетүүгө кайрылган адамдын арызы (ушул Эреженин 1-пунктунун 2-пунктчасы) пенсия чектөө үчүн керектүү документтердин тизмеси менен бирге "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген мөөнөттө каралат.

Ипотекалык кредит алып жаткан адамдын арызы ушул Эреженин 1-пунктунун 6-пунктчасында аталган документтери тиркелип, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы арызды кабыл алган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде каралат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

18. Камсыздандырылган адамдын арызын кабыл алганда Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы төмөнкүлөрдү жүргүзөт:

- арыздын туура толтурулганын текшерет:

- арыз ээсинин ким экенин тастыктаган документтен арыздын бланкына киргизилген маалыматтардын тууралыгын текшерет;

- документтердин көчүрмөсүн түп нускасы менен салыштыруу;

- арыздын катталган катар номерин жана кабыл алынган датасын көрсөтүп пенсиялык топтоо каражаттарынын төлөнүшүн каттаган атайын журналга арызды каттоо;

- арызды кабыл алуу жөнүндө айрып алуучу талонду арыз ээсине берүү;

- камсыздандырылган адамга арызды жана жетишпеген документтердин (зарылчылыкка жараша) тизмеси жөнүндө билдирүүнү кайтаруу.

19. Камсыздандырылган адам Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого кетип жатышы күмөн туудурса (ушул Эреженин 1-пунктунун 3-пунктчасында көрсөтүлгөн алуучулардын категориялары үчүн) Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы алуучуну кат жүзүндө кабарлап, калкты каттоо тармагындагы ыйгарым укукту) органга (арыз берүүчүнүн туруктуу жашаган өлкөдөгү) же Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин консулдук кызмат Департаментине сурам жөнөтөт.

Мында пенсиялык топтоолорду төлөө жөнүндө арызды аткаруу мөөнөтү тийиштүү ведомстводон жооп алганга чейин токтотулат.

20. Каза болгон камсыздандырылган адамдын мураскорлоруна пенсиялык топтоо каражаттарын төлөп берүү "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесинин негизинде ишке ашырылат.

21. Камсыздандырылган адам пенсиялык төлөм чектелгенге чейин каза болсо жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган каражаттар анын мураскорлоруна төлөнөт.

22. Камсыздандырылган адам мөөнөттүү пенсиялык төлөм чектелгенден кийин каза болсо каза болгон камсыздандырылган адамга төлөнбөй калган жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоо каражаттарынын калдыктары мураскорлоруна төлөнүшү керек.

23. Арызды кароонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан белгиленген форма боюнча (ушул Эреженин 2-тиркемеси) эки нускада тарижделген пенсиялык топтоо каражаттарын төлөп берүү же төлөөдөн баш тартуу чечими кабыл алынат.

24. Пенсиялык топтоо каражаттарын төлөп берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылса, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тийиштүү чечим чыгарылгандан кийин беш иш күндөн кечиктирбестен баш тартуунун себебин көрсөтүп алуучуга жазуу жүзүндө

билдирип, чечимдин көчүрмөсүн берип, ошону менен бирге эле арыз менен кошо берилген документтерди кайтарат.

25. Пенсиялык топтоолордун суммасы (пенсиянын топтоо каражаттары) арыз ээсинин жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эске алынган маалыматтардын негизинде жекече эсепке алуу системасынын жардамы менен борборлоштурулуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жекече эсепке алуу башкармасына пенсиялык топтоо суммаларынын пенсиянын топтоо бөлүгүн) эсеби менен жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүнөн көчүрмө берүү жөнүндө сурам жөнөтөт. Сурамда камсыздандырылган адам жөнүндө маалыматтар камтылышы керек: жекече эсепке алуу номери (ЖЭК), фамилиясы, аты, атасынын аты, төлөмдүн түрү (ушул Эреженин 2-пунктуна ылайык). Пенсиянын топтоо бөлүгүн шашылыш төлөгөн учурда сурам төлөмдүн мезгили жөнүндө маалыматтарды камтышы керек (айлардын саны).

Пенсиялык топтоолордун (пенсиянын топтоо бөлүгү) суммаларынын эсебинен көчүрмө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жекече эсепке алуу башкармасы тарабынан түзүлөт жана мөөр менен жана башкарманын башчысынын колу менен күбөлөндүрүлүшү керек.

26. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) бир жолку төлөө, ушул Эреженин 26-2 жана 26-3-пункттарына ылайык төлөнгөн ипотекалык кредит алган адамдарга бир жолку төлөөнү кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан аларды алуучунун банктагы эсебине которуу аркылуу жүргүзүлөт.

Мөөнөттүү (белгилүү бир мезгилдин ичиндеги) пенсиялык төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан пенсиялык топтоо каражаттарын алуучунун банктагы эсебине которуу же почта бөлүмү аркылуу ведомость боюнча же пенсия төлөө тапшырмасы боюнча которуу жолу менен жүргүзүлөт.

Төлөм тийиштүү чечим кабыл алынган айдан кийинки айдан кечиктирилбей жүргүзүлөт.

(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 338, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

26-1. Ипотекалык кредит алып жаткан камсыздандырылган адамдын пенсиялык топтоолору бар экендигин ырастоо, ипотекалык кредит берилгенин жактыруу жөнүндө ырастоо боюнча маалымат алмашуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен коммерциялык банктардын ортосунда ипотекалык турак жайга кредит берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган аркылуу ишке ырасталат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

26-2. Ипотекалык кредит алып жаткан адамдын арызы Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан арызды алган күнү электрондук почта боюнча "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонду" мекемесине кайра жиберилет, арыздын түп нускасы почта боюнча жиберилет.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

26-3. "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонду" мекемеси камсыздандырылган адамга ипотекалык кредит берүүнү жактыруу тууралуу ырастоо алгандан кийин пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) банктын ырастоосунда көрсөтүлгөн банк эсебине которот.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

26-4. Камсыздандырылган адамдын пенсиялык топтоолорунун суммасы банктын ырастоосунда көрсөтүлгөн банк эсебине которулгандан кийин ипотекалык кредитти берүүнү жокко чыгарууга алып келген күтүлбөгөн жагдайларда (өлүм, оору, камсыздандырылган адамдын ипотекалык кредиттен баш тартуусу, кыймылсыз мүлктү башка адамдарга сатуу, кредит берүүгө лицензиянын аракетин токтотуу жана ипотекалык кредит берүү же алууга тоскоол болгон башка жагдайлар) ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоого багытталган пенсиялык топтоо каражаттары (пенсиянын топтоо бөлүгү)

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондуна кайтарууга жана ушул камсыздандырылган адамдын өздүк камсыздандыруу эсебине киргизүүгө жатат.

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

27. Документтердин топтому менен арыз, арыз ээсинин жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүнөн көчүрмө, төлөө же төлөмдөн баш тартуу жөнүндө чечим, төлөм тапшырмасы же почталык которуунун айрыма талону Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органында пенсиялык иштердей эле тартипте көктөлөт жана сакталат.

28. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө жөнүндө реестр (ушул Эреженин 3-тиркемеси) милдеттүү түрдө ай сайын 10-күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органы тарабынан камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндөгү пенсиялык топтоо каражаттарын алуу тууралуу маалыматтарды чагылдыруу үчүн жекече эсепке алуу башкармасына жиберилет. Реестрлердин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун региондук органында көктөлөт жана сакталат.

29. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жекече эсепке алуу башкармасы жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө пенсиялык топтоо каражаттарынын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөнгөн суммасын жана төлөнгөн датасын пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө жөнүндө реестрди алган күндөн баштап бир айдын аралыгында киргизет. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөгөндүк жөнүндө иштетилген реестр жекече эсепке алуу башкармасында көктөлөт жана сакталат.

30. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жекече эсепке алуу башкармалыгы пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө боюнча ар айлык чыгымдарды салыштыруу үчүн жеке камсыздандыруу эсептеринде чагылдырылган, өткөн айга төлөнгөн пенсиялык топтоонун суммалары жөнүндө маалыматты ай сайын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунун мекемесине берет.

(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 338, 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

31. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөөгө ай сайын керектелген суммалардын эсеби жана аларды каржылоо жалпы пенсияны төлөө үчүн белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

32. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөөдөн баш тартууга төмөнкүлөр негиз болот:

- пенсиялык топтоо каражаттарынын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынбашы;

- алуучулардын тийиштүү категориялары үчүн ушул Эрежеде каралган документтердин жоктугу;

- пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө жөнүндө арыз менен кайрылган адам ушул Эреженин 1-пунктунда айтылган адамдардын категориясына кирбейт;

- камсыздандырылган адамдын Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка туруктуу жашоого көчүп кеткендиги тастыкталбаса.

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
1-тиркеме

Форма

_____

(Кыргыз Республикасынын

_____

Социалдык фондунун

_____

региондук органынын аталышы)

Пенсиялык топтолгон каражаттарды (пенсиянын топтоо бөлүгүн) бир жолку төлөп берүү жөнүндө
АРЫЗ

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

Мен, фамилия:

аты:

атасынын аты:

																						,

туулган датасы:

								(жылы/күнү/айы),

телефон номери: _____,

ким экендигин ырастоочу документ: _____

_____,

(документтин аталышы)

сериясы

				,

номери

									,

берилди

								(жылы/күнү/айы),

																						,

(ким тарабынан берилди)

Кыргыз Республикасынын жекече эсепке алуу системасындагы жеке идентификациялык номери (мындан ары - ЖИН):

,

☐ Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка туруктуу жашоого кетип жатканыма жана жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолор болгондугуна;

☐ курагы боюнча пенсия чектелгендигине;

☐ I жана II топтогу майыптыгы боюнча пенсия чектелгендигине (мөөнөтсүз);

☐ майыптыгы боюнча пенсия чектелгендигине;

☐ суммасында ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоо зарылдыгына;

(банк реквизитин көрсөтпөстөн)

сом

☐ оорусуна жана медициналык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө жана дары-дармектерди сатып алуу зарылдыгына;

☐ камсыздандырылган адам каза болгондугуна (мурасчыларга):

байланыштуу мага пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүүңүздөрдү өтүнөм.

Каза болгон камсыздандырылган адамдын ЖИНи

фамилиясы

аты

атасынын аты

,

пенсиялык топтоо каражаттары (пенсиянын топтоо бөлүгү):

☐ өздүк камсыздандыруу эсебимди;

☐ каза болгон камсыздандырылган адамдын өздүк камсыздандыруу эсебин, мен анын мурасчысымын:

(каза болгон камсыздандырылган адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты)

☐ бир жолу төлөп берүүнү өтүнөм.

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төмөнкү маалымдарек боюнча банк эсебине которуу жолу менен бир жолку төлөп берүүнү өтүнөм:

_____
_

(банктын аталышы, банк эсебинин номери,

_____
_.

өздүк эсебинин номери, банктын маалымдаректери)

Алуучу: _____
(колу)

Арыз жазылган дата 20____-ж. "___" _____

Арызды кабыл алган: 20____-ж. "___" _____

(кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы, колу)

МО

Катталды (журналда): 20____-ж. "___" _____ № _____

Пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө жөнүндө арыздын айырма талону

Алуучу: _____
(фамилиясы, аты, атасынын аты)

Арыз Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун _____
_____ башкармалыгында катталды:
(региондук органдын аталышы)

20____-ж. "___" _____ № _____

Арызды кабыл алган: _____

(кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы, колу)

МО

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
1-1-тиркеме

Форма

_____

(Кыргыз Республикасынын

_____

Социалдык фондунун

_____

региондук органынын аталышы)

Пенсиялык топтолгон каражаттарды (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөттүү төлөө жөнүндө
АРЫЗ

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

Мен, фамилия:

аты:

атасынын аты:

																						,

туулган датасы:

								(жылы/күнү/айы),

ким экендигин ырастоочу документ: _____

_____,

(документтин аталышы)

сериясы:

				,

номери:

									,

берилди:

								(жылы/күнү/айы),

																							,

(ким тарабынан берилген)

Кыргыз Республикасынын жекече эсепке алуу системасындагы жеке идентификациялык номери (мындан ары - ЖИН):

															,

төмөнкүлөргө байланыштуу пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүүнү өтүнөм:

☐ курагы боюнча пенсия чектелгендигине;

☐ майыптыгы боюнча пенсия чектелгендигине;

мөөнөттүү пенсиялык төлөмдү которуу жолу менен төлөп берүүнү өтүнөм (белгилеңиз жана керектүү вариантын толтуруңуз):

☐ банк эсебине төмөнкү маалым даректер боюнча:

_____
_

(банктын аталышы, банк эсебинин номери,

_____
_;

өздүк эсебинин номери, банктын маалым даректери)

☐ катталган жери (жашаган жери) боюнча почта бөлүмүнө:

төмөнкү даректе катталгам (жашап жатам): почта индекси

облус

,

район/шаар

,

калктуу конуш

,

көчө

,

үй №

,

кв. №

,

байланыш телефону

Алуучу: _____
(колу)

Арыз жазылган дата 20____-ж. "___" _____

Арызды кабыл алган: 20____-ж. "___" _____

_____
_

(кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы, колу)

МО

Катталды (журналда): 20____-ж. "___" _____ № _____

_____

Пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө жөнүндө арыздын айырма талону

Алуучу: _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

Арыз Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун: _____

_____ башкармалыгында катталды:

(региондук органдын аталышы)

20____-ж. "___" _____ № _____

Арызды кабыл алды: _____

_____

(кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы, колу)

МО

_____

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
2-тиркеме

_____

(Кыргыз Республикасынын
Социалдык фондунун

_____

регионду органынын аталышы)

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүү жөнүндө
ЧЕЧИМ

Алуучу:

_____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

Жеке идентификациялык номер (ЖИН):

Арыз катталган дата 20___-ж. "___" _____ № _____

1. Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүү жөнүндө

☐ Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары туруктуу жашоого кетип жатканыма жана жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолор болгондуктан төмөнкүлөргө байланыштуу:

☐ курагы боюнча пенсия чектелишине;

☐ майыптыгы боюнча пенсия чектелгенине;

☐ камсыздандырылган адам каза болгонуна байланыштуу (мураскорго) (керектүү вариантын белгилеңиз).

Пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө дайындалсын.

_____

(цифра жана сөз менен) сом өлчөмүндө, анын ичинде:

Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасы _____ (цифра жана сөз менен, сом менен)

эсептелген инвестициялык киреше _____ цифра жана сөз менен, сом менен)

1.1. Төлөө мөөнөтү

1) Топтоо бөлүктө эсепке алынган пенсиялык топтоо каражаттары (керектүү вариантты белгилеңиз)

☐ алуучунун жеке камсыздандыруу эсеби,

☐ каза болгон камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсеби - бир жолу төлөнүп берилсин

☐ .

2) Алуучунун жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоо каражаттарынан пенсиялык төлөмдөр төмөнкү мезгилдин аралыгында төмөнкүдөй суммада төлөнсүн:

☐ _____

(цифра жана сөз менен, жылдын саны)

Ай сайын төлөнүүчү сумма _____

_____ (цифра жана сөз менен, жылдын саны)

1.2. Төлөө жолу

Пенсиялык топтоо каражаттары - пенсиянын топтоо бөлүгү которуу аркылуу төлөнсүн (керектүү вариантты белгилеңиз):

☐ банктагы эсепке;

☐ катталган жери боюнча почта бөлүмүнө.

2. Төмөнкүдөй негиздерге байланыштуу пенсиялык топтоо каражаттарын төлөөдөн баш тартуу жөнүндө

_____

(баш тартуунун негизи)

_____

Жетекчи _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____

(колу)

Жооптуу адис: _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____

(колу)

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
3-тиркеме

_____

(Кыргыз Республикасынын
Социалдык фондунун

_____

региондук органынын аталышы)

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөп берүү РЕЕСТРИ

№ _____

20__жылдын _____ айы үчүн

№	Алуучунун - каза болгон камсыздандырылган адамдын мурасчысынын жеке идентификациялык номери	Алуучунун аты-жөнү (мураска алган жана камсыздандырылган адам каза болгон учурда)	Төлөнгөн сумма	Төлөнгөн дата

Толтурулган датасы: 20___-жылдын "____" _____

Жетекчи _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____

(колу)

Жооптуу адис: _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____

(колу)

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
4-тиркеме

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулардын ТИЗМЕГИ

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулардын тизмегине төмөнкүлөр кирет:

1. Tumor Nodus Metastasis эл аралык классификациядагы, 2 клиникалык топтогу II, III, IV стадиядагы бардык зилдеме жаңы шишиктер.

2. Кан оорусу:

1) курч мүнөздөгү лейкоз (бардык түрлөрү);

2) апластикалык аз кандуулук;

3) гемофилия.

3. Кан айлануу органдарынын ооруларынын төмөнкү түрлөрү жана формалары:

1) кабылдаган же тубаса жүрөк кемтиги;

2) жүрөктүн ритминин жана өткөрүмдүүлүгүнүн бузулушу;

3) жүрөктүн өнөкөт коронардык оорусу: анын ичинде өнөкөт аневризми, жүрөк жетишсиздиги менен коронардык ангиопластика жана коронардык шунтирлөө;

4) операция кылууну талап кылган магистралдык кан-тамырлардын бузулуусу менен артериялардын оорусу;

5) облитерацияланган эндартериит оорусунун күчөп кеткен түрлөрү.

Кыргыз Республикасынын
Социалдык фонду тарабынан
Мамлекеттик пенсиялык топтоо
фондунун пенсиялык топтолгон
каражаттарын төлөп берүү
эрежесине
5-тиркеме

Форма

Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулардын болгондугун ырастоо жөнүндө МААЛЫМКАТ

(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы № 710 токтомунун редакциясына ылайык)

Ф.А.А. _____

_____

жеке идентификациялык номери,

туулган датасы,

1. Оорулуунун дареги _____

2. Иштеген жери _____

3. Кызматы _____

4. _____ дарылоо-алдын алуу уюмунун байкоосунда турат.

5. Диагнозу (Пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн)
мөөнөтүнөн мурда алууга укук берген оор оорулардын тизмегине ылайык)

_____

_____

6. Медициналык маалым каттан көчүрмө берген врач, _____

_____

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____

(дарылоо-алдын алуу уюмунун аталышы жана дареги)

_____

_____

(датасы)

Саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси _____

(колу, мөөрү)